*Бабаева А.Д., Токторова А.Э.*

# ОРТО КЕСИПТИК ОКУУ ЖАЙЛАРДЫН СТУДЕНТТЕРИН ИНСАНДЫК ЖАКТАН КАЛЫПТАНДЫРУУ ПРОЦЕССИНДЕ НРАВАЛЫК-УКУКТУК ТАРБИЯ БЕРҮҮНҮН РОЛУ

*Бабаева А.Д., Токторова А.Э.*

# РОЛЬ НРАВСТВЕННО-ПРАВОВОГО ВОСПИТАНИЯ В ПРОЦЕССЕ ФОРМИРОВАНИЯ ЛИЧНОСТИ СТУДЕНТОВ СРЕДНЕГО ПРОФЕССИОНАЛЬНОГО УЧЕБНОГО ЗАВЕДЕНИЯ

*A.D. Babaeva, A.E. Toktorova*

# THE ROLE OF MORAL-LEGAL EDUCATION IN THE PROCESS OF FORMING THE PERSONALITY OF STUDENTS OF SECONDARY VOCATIONAL EDUCATIONAL ESTABLISHMENT

*УДК: 378:316.334.4.*

*Бул макала студенттердин нравалык- укуктук аспектилерине арналган. Ошондой эле адеп-ахлактык тарбияны чечүү менен бирге орто кесиптик окуу жайлардын студенттердин укуктук жана жарандык сапаттары каралган. Нравалык-укуктук жана жарандык тарбиянын пайдаланылышы аларда укуктук нормаларга урмат-сый менен аң-сезимдүү мамиле кылуунун, антисоциалдык жана карама-каршы аракеттерге каршы туруу мүмкүнчүлүктөрүн күчөтөт. Макалада жаштардын арасындагы азыркы коомдогу кылмыштуулуктун себептери көрсөтүлгөн. Терс таасирлерге алып келген жеке кызыкчылыгы үчүн кылмыш, зордук-зомбулук жана коомдук тартипке каршы кылмыштар. Орто кесиптик окуу жайлардын студеттеринин арасындагы кризистик көрүнүштөн арылуу – билим берүүнү гумандаштыруу, инсандын нравалык укуктук маданиятын жогорулатуу менен тыгыз байланышта. Илимий макалада жаштардын жүрүм-турумуна жана жашоо образына таасир берген патриоттулук тарбиясынын кээ бир көйгөйлөрүнө көңүл да бурулат.*

***Негизги сөздөр:** нравалык-укуктук тарбия, адеп-ахлактык сапаттар, патриоттулук, гумандуулук, студенттер, нравалык балуулуктар, укук, кылмыштар.*

*Данная статья посвящена нравственно-правовому аспекту воспитания личности студента. Наряду с успешным решением нравственно-правового воспитания рассматривается нравственные и гражданские качества студентов среднего профессионального учебного заведения. Так как использование нравственно-правового воспитания позволяет выработать у них осознанное уважительное отношение к правовым нормам и противостоять антисоциальным, противоправным действиям. В статье указаны причины преступности среди молодых людей. Корыстные, насильственные и преступления, против общественного порядка которые приводят к негативным последствиям. Преодоление кризисных явлений среди молодежи в большей степени связывается с гуманизацией образования, с повышением нравственно-правовой культуры личности. В научной статье затрагиваются некоторые проблемы связанные с патриотическим воспитанием, которые влияют на поведение и образ жизни молодых людей.*

***Ключевые слова:** нравственно-правовое воспитание, моральные качества, патриотизм, гуманизм, студенты, нравственные ценности, право, преступление.*

*This article is devoted to the moral and legal aspect of educating a student's personality. Along with the successful solution of moral and legal education, the moral and civic qualities of students at secondary vocational schools are considered. Since the use of moral and legal education allows them to develop a conscious respectful attitude to legal norms and resist antisocial, unlawful actions. The article indicates the causes of crime among young people. Selfish, violent and crimes against public order that lead to negative consequences. Overcoming the crisis phenomena among young people is largely associated with the humanization of education, with an increase in the moral and legal culture of the individual. The scientific article addresses some of the problems associated with patriotic education, which affect the behavior and lifestyle of young people.*

***Key words:** moral and legal education, moral qualities, patriotism, humanism, students, moral values, law, crime.*

Укуктук мамлекеттин түзүлүшү жана өнүгүшү эң оболу адам укугу жана инсандык баалуулуктарга, анан да жаш муундарды окутуп тарбиялоого көз каранды. Ошондуктан, азыркы учурда окуу-тарбия процессинде студенттерди адам укугуна, анын эркиндигине, адамдагы бааалуулуктарга урмат-сый менен мамиле кылуу сезимин өнүктүрүү үчүн баардык таалим-тарбия каражаттарын пайдалана билүү зарылдыгы курч маселе бойдон калууда.

Орто кесиптик окуу жайлардын студенттеринде инсан катары нравалык-укуктук аспектинин калыптанышын-жарандык билим берүүдөгү жарандык, экономикалык, укуктук, мекенчилдик, саясий, эстетикалык, диний, экологиялык, интернационалдык жана башка багыттардын түптөлгөн пайдубалы катары таанылганга болот. Адептүүлүк социалдык педагогиканын категориясы катары коомдо жашаган адамдын аракетин нормативдик негизде жөнгө салуучу негизги ыкмалардын бири болуп саналат. Студенттердин

инсандык нравалык сапаты-бул алардын аң-сезиминдеги жана жүрүм-турумундагы туруктуу белгилер. Ал белгилерди башка адамдарга, коомго жасалган жүрүм - турумдан, ошондой эле өзүнө карата жасалган мамиледен – анын мүнөзүндөгү моралдык белгилер катары караганга болот. Ошондон улам, академик А.Н.Арининдин: “Ар бир жарандын нравалык милдети, анын ар бир иш аракети коомдун өнүгүшүнө негиз болгону менен байланышта,” - деген пикирине кошулбай коюуга болбойт [1, 67-70-бб.].

Орто кесиптик окуу жайлардын студенттерине жүргүзүлгөн нравалык тарбия – социалдык-багыттагы жарандын калыптанышына негиз болушу керек. Нравалык-укуктук жана жарандык тарбиянын пайдаланылышы аларда укуктук нормаларга урмат-сый менен аң-сезимдүү мамиле кылуунун, антисоциалдык жана карама-каршы аракеттерге каршы туруу мүмкүнчүлүктөрүн күчөтөт. Мунун өзүнөн жаман жоруктардын жайылышы байкалат. Бүтүндөй студенттерде, анын айрым топторунда азыраак начар чөйрөнүн жүрүшү мүнөздүү. Тагыраак айтканда, ”бардар үй-бүлөдөн” чыккан инсан жеке жүрүм-турумунда нравалык нормаларга туура келбеген жоруктарга жол берип, укук бузууларга барат. Мунун башкы себеби, таалим-тарбиянын жетишсиздигине, тарбия берүүдөгү катачылыктарга, педагогикалык милдеттердин так аткарылбагандыгына барып такалат.

Укук бузууга ык алуу, башкача айтканда, жүрүм-турум нормасынын бузулушу, бир сөз менен айтканда, укуктун бузулушу болуп саналат. Анын ичинде жазаланган кылмышты – сырткы көрүнүшүнөн тарбиялануучуларды жазалоо деңгээлин аныктоого болот. Индивиддин социалдык нормаларды жана социалдык адекваттуу жүрүм-турум эрежелерин сактоого аң-сезимдүү жогорку жоопкерчиликке, этикалык стандартты жана социалдык талаптарды бекем сактоого даярдыгынын жетишсиздиги – социалдашууну бузуунун жогорку деңгээлин, өзүн-өзү көзөмөлдөөнүн алсыздыгын белгилейт. Керектүү жашоо образы үчүн керектүү каражаттардын жетишсиздиги аларды укук бузууга жана кылмыш ишине барууга түртөт. Жаштардын жалпы кылмышындагы баардык укук бузууларынын 80%га чейинкисин төмөнкүдөй үч түрү түзөт:

1) жеке кызыкчылыгы үчүн жасалган кылмыш (жеке менчикке, мүлккө каршы кылмыш);

2) зордук-зомбулук кылмышы (инсанга ж.бларга каршы кылмыш);

3) коомдук тартипке жана калктын ден-соолугуна каршы кылмыш.

Жеке кызыкчылыгы үчүн жасалган кылмыш - бул, негизинен, уурулук. Ал эми зордук-зомбулук кылмышына адам өлтүрүү, ден-соолукка зыян келтирүү кылмышы кирет. Бул жерден жеке кызыкчылыктагы зомбулук каражаттарынын пайдаланылышы менен байланышкан зордуктоо кылмышы менен зомбулук максатындагы (хулигандык, вандализм, садизм) жана калктын ден-соолугуна каршы жана коомдук нравага каршы жасалган кылмышты ажырата билүү керек. Ошон үчүн студенттердин нравалык жана укуктук багыты канчалык так дал келген болсо, жаштарга укуктук билим берүү максатында жасалган алдын алуу иш чарасы ошончолук ийгиликтүү жүзөгө ашырылат [2, 111-112-бб.].

Нравалык жаза өтө эле катаал болушу мүмкүн. Себеби, ал ички психологиялык карама-каршылык менен түздөн-түз байланышта. Бирок мындан башка дагы кылмыш кодексинин беренелери, башкача айтканда, мыйзам менен байланышкан жаза бар экендигин унутпашыбыз керек. Байыркы римдиктер: ”Күчтүү мыйзам – ал мыйзам,” - деп айтышкан. Цицерондун элестүү айтканы боюнча:” Мыйзамдар кемчиликтерди жоюп, жакшылыктарды жайылтышы керек” [3, 230-235-бб.].

Кылмышкер жөнөкөйбү же айлакерби, зыян тарткан тарап кечиреби же кечирбейби аларга карабай күчүндө жана күчтүү аракетте болот. Бирок мыйзамдын милдеттүү түрдө аткарыла турган өтө катуулугу анын коргоо функциясында, элге карата жасалган мамилеси боюнча гумандуулугунда жатат.

Орто кесиптик окуу жайлардын студеттеринин арасындагы кризистик көрүнүштөн арылуу - билим берүүнү гумандаштыруу, инсандын нравалык-укуктук маданиятын жогорулатуу менен тыгыз байланышта. Өспүрүм курактагы муундун нравалык-укуктук акыл-эсин жана мыйзамга ылайык жүрүм-турумун калыптандыруу, мыйзамды, маданиятты, демократизмди, жарандык жогорку активдүүлүктү жана жоопкерчиликти сыйлай билүүгө тарбиялоо–жарандык билим берүүнүн органикалык составдык бөлүгү болуп эсептелет. Анткени, адам укугу – бул коомдун жогорку баалуулугу, ал эми алардын сакталышынын кепилдикке алынышы – мамлекеттин негизги функциясы. Бирок, тилекке каршы, радио, телевидение, пресса, кино сыяктуу стихиялуу факторлор, ошондой эле жаштардын бейформал бирикмелери өспүрүм курактагы муундун инсан катары калыптануусунда өзгөчө таасирин тийгизүүдө. Бирок, ошону менен бирге эле ар кандай социологиялык изилдөөлөр, ал нравалык көйгөйлөрдүн арасында кылымдарга, мүмкүн миңдеген жылдар бою уланып, жаштарды азыр да дүрбөтүп жаткан маселелерден, кең пейилдик жана карамүртөздүк, адилеттүүлүк жана мыйзамсыздык, адептүүлүк жана принципсиздик жана башка көптөгөн маселелерди табууга боло тургандыгын көрсөттү. Чыныгы мекенчилдиктин маңызы гумандуу болот да, башка элге, өлкөгө сый мамиледе болушту кучагына алып, алардын улуттук каада-салтын, нарк-насилин урматтап, улуттар аралык маданияттуу мамиле менен ажырагыс байланышта болот [4, 127-128-бб.].

Ушул багыттан алып караганда, мекенчилдик менен улуттар аралык маданияттуу мамиле өз ара тыгыз байланышта жүрүп, органикалык бүтүндүк катары таанылып, инсандын нравалык адебин аныктап турат. Мекенчилдик адамдын туулуп өскөн жерине байланышкан сүйүүнү, өз элинин тилине болгон жагымдуу мамилени, мекендин кызыкчылыгына байланышкан аракетин; жарандык сезимдин пайда болушун жана өз мекенине чын дилинен берилгендигинин сакталышын өз кучагына алат. Кыргызстанда жашаган ар кандай улуттун өкүлдөрү, биз, азыркы Кыргызстандын жарандык коомунун өкүлү болуп эсептелебиз. Демек, А.Н. Арининдин пикири боюнча: ”Биз өз ара көзгө көрүнбөгөн жарандык түйүндөр аркылуу объективдүү түрдө байланыштабыз. Ал байланыштар паспорту же катталган жери аркылуу эмес, социалдык статусу, жашаган жери аркылуу дагы эмес, моралдык-рухий тилектештик, жашоого, өзүнө, коомго акыл-эс менен жана биргеликте жасалган карым-катыш, бүтүндөй дүйнөнүн, жалпы жаратылыштын жана бүтүндөй адамзат коомунун жашоосунун уланышына болгон жоопкерчилик аркылуу жүзөгө ашырылат” [1, 74-76-бб.].

Мындай улуу идеялардын элдин ичинен келип чыгышы өтө маанилүү. Кыргызстанда мындай күчөтүлгөн идеялардын катарына жарандык коомдун негизги идеалы катары жана нравалык сапаттарды калыптандыруу үчүн жарыяланган Манастын жети осуяты кирет:

- улуттар аралык биримдик жана бүтүндүк;
- улуттар аралык ынтымак, достук жана кызматташтык;
- улуттук ар-намыс жана мекенчилдик;
- гуманизм, кеңпейилдүүлүк, толеранттуулук;
- жаратылыш менен тыгыз байланышта жашоо жөндөмү;
- Кыргыз Республикасынын мамлекеттүүлүгүн коргоо;
- маңдай тер төгүп, чаалыкпаган эмгекти жана билимди калктын жакшы жашоосуна жана өнүгүшүнө багыттоо.

Мындай сапаттар ишенимдүү түптөлүшү керек. Анткени, ишеним өзүнүн табиятынан ишмердиксиз рухий байлык боло албайт. Алар активдүү ишмердик жүргөн учурда гана жашашы, бышыкталышы жана куурашы мүмкүн. Ошентип, азыркы жарандык коомдун талабы Кыргызстандын мамлекеттүүлүгүнүн идеалдары, сөз эркиндиги, чогулуш, дин тутуу, мыйзамдуу бийлик, ачык коом сыяктуу социалдык чындыкты камсыз кылышын жактайт. Эркин Кыргызстандын шартында жана демократиялык коомдун түзүлүшүндө жаш муундардын жарандык жана нравалык-укуктук тарбия маселесинде салттык мамилени өзгөртүү зарылдыгын, таалим-тарбияда жаштарда жарандык сапатынын аспектилерин калыптандырууну бирге уюштурууну талап кылат.

**Адабияттар:**


1. Аринин А.Н. Зрелость гражданского общества - основа устойчивого развития и безопасности России. - М., 2006. - С. 240.
2. Бабаева А.Д. Маданиятмененукуктук аң-сезимдинөз ара карым-катышы. Известия вузов. - Бишкек, 2013. - 111-114-бб.
3. Сборник мыслей, изречений и афоризмов // Сост. Н.Я. Хоромин. - Харьков, 1995. - С. 432.
4. Бабаева А.Д. Идейно-нравственное воспитание старшеклассников. // Вестник КНУ им. Ж. Баласагына. - Б., 2008. - 127-128-бб.


**Рецензент: к.пед.н. Жусупова Н.**